**Кыргыз Республикасынын**
**шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча**
**борбордук комиссиясы**

**№ 26 көп мандаттуу шайлоо округунан**
**Кыргыз Республикасынын ЖКне**
**депутаттыка талапкер**
**Э .К. Абакировдон**
**дареги: Бишкек ш.,** [redacted]
**байланыш телефон:** [redacted]

## АРЫЗ

Урматтуу Тынчтык Урайимович. Шайлоо комиссиясы жарандарды добуш берүү мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылууда абдан чоң жетишкендиктерге жеткенин жана добуштарды саноодо **так жана ачык иштегенине ынандым** жана ал маселе боюнча күмөнүм жок экендигин билдирем. Бирок шайлоо учурунда жана ага чейин добуштарды сатып алуу фактылары боюнча ачык, так жана толук иликтөө жүргүзүүнү өтүнөм!

Алдын ала белгилүү болгондой, ушул шайлоо учурунда 2 чоң добуш сатып алуу фактылары интернет тармактарында жайылды. Биринчиси Бишкек шаары боюнча катталып, күнөөлүү жактар жоопкерчиликке тартылып, талапкерлер шайлоодон четтетилген. Экинчи добуш сатып алуу фактысы Кемин районунун Калмак-ашуу айылында болгон. Интернет тармактарында Калмак-Ашуу айылында добуш сатып алууга аракеттенүү максатында 460 миң сом акча каражаттары менен 5-6 адам кармалгандар боюнча маалымат ачык жарыяланып жатат. Ал акчалай каражат асмандан түшкөн жок, анын ээси бар. Ошондуктан, бул факт боюнча иш аягына чыгыш керек жана 460 миң сомдун ээсин табуу керек деп ойлойм. Бул акчалай каражатты берген талапкерди аныктап жана аны четтетүүнү же болбосо № 26 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоо жыйынтыгын жараксыз деп табууну жана кайрадан шайлоо өткөрүүнү талап кылам!

Мындан тышкары, №26 көп мандаттуу шайлоо округунан айрым кандидаттар буга чейин добуш сатып алууга аракеттенгендиги үчүн расмий түрдө эскертүү алган. Бул факт шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна байланыштуу компетенттүү органдар тарабынан катталган.

Ошондой эле шайлоо кампаниясы учурунда активдүү агитация жүргүзбөгөн, шайлоочулар менен жолугушууларды өтө аз өткөргөн жана өзүнүн шайлоо программасы менен элди тааныштырбаган кандидаттар округ боюнча эң көп добуш алгандыгы анык. Бул жагдайлар талапкерлердин расмий баракчаларында жана социалдык тармактардагы ишмердүүлүгүндө да тастыкталат — материалдар дээрлик жок же минималдуу деңгээлде.

Ошого карабастан, кээ бир кандидаттардын шайлоо күнүндө эң көп добуш алгандыгы чоң күмөн жаратат жана добуш берүүнүн таза өтүшүнө байланыштуу суроолорду пайда кылат.


Шайлоонун жыйынтыктары адилеттүү, таза жана мыйзамдуу болду деген элдин жана эл аралык коомчулуктардын ишенимин актоо максатында жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтар боюнча иликтөө жүргүзүп, жыйынтыгы боюнча мени кабардар кылууну суранам.


Кошумча материалдар:

– социалдык тармактардан алынган скриншоттор жана шилтемелер.

колу

Эльдар Абакиров «01» дек. 2025-ж.


В Г. КЕМИН 28 НОЯБРЯ ВЕЧЕРОМ БЛИЖЕ К 19:00 БЫЛИ ЗАДЕРЖАНЫ ГРУППА ЛЮДЕЙ С КРУПНОЙ СУММОЙ ДЕНЕГ. ПРЕДВАРИТЕЛЬНО В ОПИСАНИИ ПОД ВИДЕО ПИШУТ ЧТО "ПОДКУП".
842
63
14
199
life_press_ и
tokmok_life
Подписаться
В г. Кемин 28 ноября вечером ближе к 19:00 ...




**Шилтеме**: https://www.instagram.com/reel/DRpxtVHjLGO/?igsh=bmZqMmNvNzRlb3Mw